КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИН ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КОМИССИЯСЫНЫН ЭСЕПТИК КАТТООДОН ӨТКӨРҮЛДҮ
"12" апрель 2017 ж.
№ 0382-РУЗ КҮБӨЛҮК
Жетекчи

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН
20___ж. "___" ______ ӨТКӨРҮЛДҮ
№______ КҮБӨЛҮК
Алгачкы катталган күнү 20___ж. "___" ______
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
"2" 05 2017 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № 0025870
Дата первичной регистрации "11" 09 2003 г.

Кыргызстан мусулмандарынын
дин башкармасынын
16-февраль, 2017-жылы
№12 токтому менен бекитилген

# Кыргызстан ислам университетинин УСТАВЫ

Бишкек – 2017

# I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Кыргызстан ислам университети (мындан ары – Университет) Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасынын түзүмүндөгү жогорку окуу-илимий-өндүрүштүк комплекс болуп эсептелет, ал жогорку, ЖОЖдон кийинки, кошумча, орто кесиптик жана орто жалпы билим берүү программаларын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ислам теологиясы секторун илимий жактан камсыздоону жүзөгө ашырат.

1.2. Университет өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Билим берүү жөнүндө", "Илим жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен буйруктарын, Аалымдар Кеңешинин жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасынын билим берүү процессин жөнгө салуучу токтомдорун, чечимдерин жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.3. Университет Кыргызстан ислам университетинин укук улантуучусу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын коргоо кеңешинин 2014-жылдын 3-февралындагы «диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат» жөнүндөгү чечиминин негизинде (ахлу сунна вал-жамаат анын ичинде ханафий мазхабы жана матуридий мектеби боюнча) билим берүүнү, диний билим берүүнү жана илимий изилдөөлөрдү бирдиктүү борборго топтоо, интеграциялоо жана координациялоо үчүн кайра уюштурулган.

1.4. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык кадрдык саясатты ишке ашырууда, окутуу, тарбиялоо методикасын тандоодо, илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктоодо, уюштуруучулук, кесиптик, финансы-чарбалык жана башка маселелерди чечүүдө өз алдынчалыкка ээ болот.

1.5. Университет окугандарды аралыктык аттестациялоодо баалоо формасын, тартибин жана мезгилдүүлүгүн, билим берүү процессин жана билим берүү технологияларынын методикасын, анын ичинде аралыктан билим берүү технологияларын тандоодо өз алдынчалыкка ээ.

1.6. Университет өзүнчө мүлк бөлүп берүү менен юридикалык жактын статусуна ээ түзүмдүк бөлүмчө же филиал түзө алат. Түзүмдүк бөлүмчө филиалдарды жана башка бөлүмдөрдү түзүүгө укуксуз.

1.7. Университеттин расмий аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Кыргызстан ислам университети" мекемеси, кыскартылган аталышы - "КИУ";

- расмий тилде: Учреждение "Исламский университет Кыргызстана", кыскартылган аталышы - "ИУК";

- англис тилинде Institition "Islamic university of Kyrgyzstan", кыскартылган аталышы: "IUK".

1.8. Университеттин уюштуруучусу Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы болуп эсептелет.

Уюштуруучунун укуктары жана милдеттери:

- теология адистерине болгон керектөөнүн көлөмүн аныктайт жана диний сектордун каражаттарынын эсебинен аларды даярдоого заказды жайгаштырат;

- ведомстволук уюмдарында студенттердин өндүрүштүк практикаларын өткөрүүнү жана Университеттин бүтүрүүчүлөрүн жумушка орноштурууну камсыз кылууга көмөктөшөт;

- теологиялык багыт боюнча квалификацияны жогорулатууну уюштуруу, өткөрүү жана долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн Университеттин бөлүмдөрүн ишке тартат;

1.9. Университет юридикалык жак статусуна ээ жана ушул сапатта өзүнчө балanска, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн банктык мекемелеринде улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы өзүнүн эсебине ээ;

- мамлекеттик гербдин сүрөтү жана өзүнүн аталышы бар мөөргө ээ болот;

- өзүнүн тарыхын чагылдырган атрибутикасы жана символикасы укугуна ээ болот, өзүнүн логотибин пайдаланат;

- оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилген мамлекеттик менчиктин базасында өз функцияларын ишке ашырат;

- юридикалык жактар укугунда иштеген бардык бөлүмдөрүн кошкондо бирдиктүү окуу-илимий-өндүрүштүк комплекс катары иштейт;

- мыйзамдарга каршы келбеген иштин ар кандай формасын ишке ашырат, менчиктин ар кандай формаларын жана түрлөрүн (жер, кыймылсыз мүлк, жабдуулар, интеллектуалдык-техникалык маалымат) пайдаланууга акылуу;

- экономикалык-финансылык деңгээлин жакшыртуу үчүн коомдук тамактануу жайларын, дүкөндөрдү, дүң жана чекене дүң соода иштерин жүргүзүү, күнүмдүк керектелүүчү тиричилик кызматтарын, элдин керектөөсү үчүн техникалык жана өндүрүштүк товарларды өндүрүү жана аларды сатуу, полиграфиялык кызматтарды көрсөтүү, курулуш-мантаждоо кызматтарын көрсөтүү ж.б.у.с. кызматтарды көрсөтүүгө укуктуу;

- спорт, ден-соолукту чыңдоо, диний, турак жай, административдик жана социалдык имараттарын курууга жана иштетүүгө укуктуу;

- өзүнүн атынан келишимдерди түзүп, мүлктүк жана жекече мүлктүк эмес укуктарга ээ болот. Сотто жана бейтарап сотто доогер жана жоопкер милдетин аткара алат;

- келишимдердин, макулдашуулардын (анын ичинде эл аралык) же башка формалардын предметин, милдеттенмелерди, чарбалык өз ара мамилелер тартибин жана келишимге келүүчү талаптардын алган милдеттенмелери боюнча жоопкерчиликти аныктоону тандап алууда эркин;

- ички уюштуруу жана регламент ишинде, окууну, окуу-методикалык, өндүрүштүк-чарбалык, финансылык жана башка ишти пландаштырууда жана өнүгүүнүн келечегин аныктоодо өз алдынчалыкка ээ, өзүнүн өнүгүшүндө ар кандай келечектүү жана учурдагы пландарды кабыл алууга жана ишке ашырууга акылуу;

- Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет өлкөлөрдө институттардын, филиалдардын, өкүлчүлүктөрдүн жана ишканалардын белгиленген тартипте уюштуруучусу катары чыгууга укуктуу;

- эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын куралдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун принциптеринде жана нормаларында башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн кызыкчылыктарын коргойт, өзүнүн ишине тиешелүү коммерциялык сырды сактайт, өзүнө жүктөлгөн бардык милдеттенмелерди аткарат жана өзүнүн ишине байланышкан укуктардан пайдаланат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүмдү, штаттык санды, университеттин профессордук-окутуучу курамын жана кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө өлчөмүн жана шарттарын аныктайт;

- абитуриенттерди, стажерлорду, аспиранттарды жана докторанттарды кабыл алуунун планын жана тартибин, ошондой эле аларды окутуунун мөөнөттөрүн жана формаларын университетти мамлекеттик аттестациялоонун натыйжасында алынган мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана сертификаттарына ылайык аныктайт;

- бардык багыттагы окуу пландарын жана окутуу жүргүзүлгөн адистиктер боюнча программаларды жана башка окуу-методикалык материалдарды бекитет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ар кандай уюштуруучулук-укуктук формалардагы ишканалардын уюштуруучусу катары чыгууга укуктуу.

1.10. Университетке бөлүнгөн жана ага оперативдүү башкаруу укугунда бекитилип берилген негизги жана жүгүртүү каражаттарын жана башка мүлктү Университет ээликтен ажыратууга же башка ыкма менен бул мүлктүн менчик ээсинин макулдугу менен гана башкарууга укуктуу.

Бул мекеменин кирешелерин бөлүштүрүү тартиби анын мүлкүнүн менчик ээси тарабынан аныкталат.

1.11. Университеттин юридикалык дареги: 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Гоголь көчөсү, 57, телефону: +996312 486171, факсы: +996 312 486179;

- электрондук сайты: http://www.kiu_kg.

- e-mail: islamicuniver@.mail.ru

1.12. Университеттин уюштуруучулук-укуктук формасы: мекеме.

1.13. Университеттин ишинин мөөнөтү чектелбеген.

## II. УНИВЕРСИТЕТТИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1. Университеттин максаттары жана милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- инсандын интеллектуалдык, маданий, адеп-ахлактык өнүгүшүндөгү муктаждыктарын жогорку же ЖОЖдон кийинки кесиптик билим алуу аркылуу канааттандыруу;

- билим берүүнү жана диний билим берүүнү, илимди жана өндүрүштү практикалык интеграциялоо, университеттин окуу-илимий потенциалынын диний секторунун орчундуу проблемаларын чечүүгө концентрациялоо жана координациялоо, кадрларды даярдоонун сапатын жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун ар тараптуу жогорулатуу;

- багыттардын (адистиктердин) кеңири спектри боюнча кадрларды даярдоого мамлекеттик жана диний башкармалыктын буюртмаларын аткаруу, коомдун жогорку билимдүү квалификациялуу адистерге жана жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык жана башка кадрларга болгон керектөөсүн канааттандыруу;

- диний жана теологиянын ага чектеш бардык тармактарында илимий изилдөөлөрдү өткөрүүгө мамлекеттик жана диний башкармалыктын буйрутмаларын аткаруу;

- ар кандай деңгээлдердеги адистерди, ошондой эле жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык жана башка өлкөгө зарыл кадрлардын бардык түрлөрүн (анын ичинде айыл-чарба, техникалык жана медициналык кадрларды) даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

- Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү адистиктеринин тизмесине кирген адистиктерден сырткары да ислам теологиясы боюнча адистиктерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

- студенттерде жарандык позицияны жана чыгармачылык активдүүлүктү жаратуу;

- коомдун адеп-ахлактык, маданий, диний жана илимий баалуулуктарын сактоо жана деңгээлин жогорулатуу;

- калк арасында илим-билимди таратуу, мамлекеттин интеллектуалдык, илимий жана диний потенциалын жогорулатуу;

- ханафий укуктук жана матуридий акыйдалык мектептеринин принциптерин тутунган диний кызматкерлерди, теолог-эксперттерди даярдоо жана диндин теологиялык секторуна консультациялык кызматтарды көрсөтүү;

- окуу процессин илимий, окуу-методикалык жактан камсыз кылуу жана ЖОЖдорго тийиштүү жардам көрсөтүү;

- окуу китептерин жана окуу-методикалык комплектери менен камсыздоо;

- Кыргыз Республикасынын диний билим берүүсүн жана илимин дүйнөлүк интеллектуалдык-билим берүү мейкиндигине интеграциялоо.

2.2. Университет жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкү функцияларды аткарат:

- жалпы орто, кесиптик орто, базалык, толук жогорку, ЖОЖдон кийинки жана багыттардын (адистиктердин) кеңири спектри боюнча кошумча кесиптик билим берүүлөрдүн программаларын ишке ашырат;

- илимдин кеңири спектри боюнча фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү аткарат;

- адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле илимий, илимий-педагогикалык жана башка кызматкерлерди (магистрлерди, Ph.D докторлорду, илимдин кандидаттарын жана докторлорун) даярдоону жүзөгө ашырат;

- өзүнүн ишинин багыты боюнча илимий жана илимий-педагогикалык борбор болуп саналат.

## III. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

3.1. Университеттеги билим берүү программаларынын бардык түрлөрүн (күндүзгү, дистанттык ж.б.) формаларында окугандардын керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен өздөштүрүлөт.

3.2. Университет дистанттык билим берүү технологияларын билим берүү программаларын жарым-жартылай же толук көлөмдө ишке ашыруу үчүн билим берүү жана илим тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарууну ишке ашырган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы белгилеген тартипте пайдаланат.

3.3. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү адистиктеринин тизмесине кирген бардык адистиктерди (анын ичинде айыл-чарба, техникалык жана медициналык адистиктерди) даярдайт жана кайра даярдайт.

3.4. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү адистиктеринин тизмесине кирбеген ислам теологиясы боюнча башка адистерди да даярдайт жана кайра даярдайт. Окутуунун мындай формасынын бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдору диний жактардан башка жактарда таанылбайт.

3.5. Университет кадрларды даярдоону республикалык бюджеттен же диний башкармалык тарабынан каржыланган буюртмалар боюнча да, окутуунун наркын төлөгөн жеке жана юридикалык жактар менен келишимдер боюнча да жүзөгө ашырат.

- коомдун адеп-ахлактык, маданий, диний жана илимий баалуулуктарын сактоо жана деңгээлин жогорулатуу;

- калк арасында илим-билимди таратуу, мамлекеттин интеллектуалдык, илимий жана диний потенциалын жогорулатуу;

- ханафий укуктук жана матуридий акыйдалык мектептеринин принциптерин тутунган диний кызматкерлерди, теолог-эксперттерди даярдоо жана диндин теологиялык секторуна консультациялык кызматтарды көрсөтүү;

- окуу процессин илимий, окуу-методикалык жактан камсыз кылуу жана ЖОЖдорго тийиштүү жардам көрсөтүү;

- окуу китептерин жана окуу-методикалык комплекстери менен камсыздоо;

- Кыргыз Республикасынын диний билим берүүсүн жана илимин дүйнөлүк интеллектуалдык-билим берүү мейкиндигине интеграциялоо.

2.2. Университет жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкү функцияларды аткарат:

- жалпы орто, кесиптик орто, базалык, толук жогорку, ЖОЖдон кийинки жана багыттардын (адистиктердин) кеңири спектри боюнча кошумча кесиптик билим берүүлөрдүн программаларын ишке ашырат;

- илимдин кеңири спектри боюнча фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү аткарат;

- адистерди даярдоону, кайра даярдоону, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле илимий, илимий-педагогикалык жана башка кызматкерлерди (магистрлерди, Ph.D докторлорду, илимдин кандидаттарын жана докторлорун) даярдоону жүзөгө ашырат;

- өзүнүн ишинин багыты боюнча илимий жана илимий-педагогикалык борбор болуп саналат.

## III. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

3.1. Университеттеги билим берүү программаларынын бардык түрлөрүн (күндүзгү, дистанттык ж.б.) формаларында окугандардын керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен өздөштүрүлөт.

3.2. Университет дистанттык билим берүү технологияларын билим берүү программаларын жарым-жартылай же толук көлөмдө ишке ашыруу үчүн билим берүү жана илим тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарууну ишке ашырган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы белгилеген тартипте пайдаланат.

3.3. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү адистиктеринин тизмесине кирген бардык адистиктерди (анын ичинде айыл-чарба, техникалык жана медициналык адистиктерди) даярдайт жана кайра даярдайт.

3.4. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү адистиктеринин тизмесине кирбеген ислам теологиясы боюнча башка адистерди да даярдайт жана кайра даярдайт. Окутуунун мындай формасынын бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдору диний жактардан башка жактарда таанылбайт.

3.5. Университет кадрларды даярдоону республикалык бюджеттен же диний башкармалык тарабынан каржыланган буюртмалар боюнча да, окутуунун наркын төлөгөн жеке жана юридикалык жактар менен келишимдер боюнча да жүзөгө ашырат.

3.6. Багыттар же адистиктер боюнча билим берүүнүн мазмуну Университет тарабынан Кыргыз Республикасындагы кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

3.7. Билим берүүнүн бардык формалары жана деңгээлдери боюнча сабактардын негизги түрлөрүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткарууну камсыз кылган окуу пландары жана программалары менен аныкталат. Университет сабактардын негизги түрлөрүнөн тышкары студенттердин кызыкчылыктарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган кошумча кызмат көрсөтүүлөр, сабактардын факультативдик жана башка түрлөрүн киргизиши мүмкүн.

3.8. Университетте окутуу мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт. Окутуу тийиштүү шарттар болсо башка түрдүү тилдерде да жүргүзүлүшү мүмкүн.

3.9. Мамлекеттик аттестациялоонун натыйжасы боюнча бүтүрүүчүгө адистиги боюнча квалификация же багыттар боюнча квалификациялык академиялык даража (бакалавр, магистр) ыйгаруу маселеси аныкталат. Ийгиликтүү бүтүрүүчүлөрү университеттин чечимине ылайык мамлекеттик үлгүдөгү жана \ же өздүк үлгүдөгү дипломго ээ болушат.

3.10. Бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүү тартиби колдонуудагы мыйзамдарга ылайык билим берүү жана илим тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана башкарууну жүзөгө ашырган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан аныкталат.

3.11. Университетте саясий ишке аралашууга, адамдардын өмүрү жана ден соолугу үчүн гумандуулукка каршы жана коркунучтуу окутуу методдорун пайдаланууга жана жүргүзүүгө тыюу салынат.

## IV. УНИВЕРСИТЕТТИН СТУДЕНТТЕРИН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ОКУУДАН ЧЫГАРУУ ТАРТИБИ

4.1. Университетке кабыл алуу, которуу, окуудан чыгаруу жана студенттерди окууга кайра алуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен студенттерди которуу, окуудан чыгаруу жана кайра алуу тартиби жөнүндө тийиштүү жобо менен регламенттештирилет.

4.2. Университетке күндүзгү жана дистанттык окуу формаларына, гранттык (бюджеттик) жана контрактык негизде билим алуу үчүн башкы критерийлерди абитуриенттин билиминин жана жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин аныктайт.

4.3. Университетте чет мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча, ошондой эле билим берүүчү уюмдардын ортосундагы же айрым жарандар менен келишимдер боюнча жүзөгө ашырылат.

4.4. Чет өлкөлүк жарандар жана Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар Университетте жогорку билим алууга жана педагогикалык ишин жүзөгө ашырууга Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укукка ээ болушат.

4.5. Чет өлкөлүк жарандар жана Кыргыз Республикасында туруктуу жашабаган жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык макулдашууларда каралган тартипте, ошондой эле Университет менен түзүлгөн келишимдер жана контракттар боюнча Университетте жогорку билим ала алышат жана педагогикалык иш жүргүзө алышат.

## V. УНИВЕРСИТЕТТИН ТҮЗҮМДҮК КУРАМЫ

5.1. Университеттин түзүмдүк курамына окуу, илимий, өндүрүштүк бөлүмдөр кирет.

5.2. Юридикалык жак статусуна ээ болгон бөлүмдөр өздөрүнүн уставдарынын жана жоболорунун негизинде иштешет, өз алдынча баланста турушат жана өздөрүнүн ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ушул уставдын талаптарына ылайык так жүзөгө ашырышат.

5.3. Төмөнкүлөр Университеттин карамагында болушат:

- илимий-изилдөө институттары жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү, институттар, факультеттер, кафедралар, лабараториялар, борборлор, башкармалыктар, бөлүмдөр, окуу-методикалык бирикме, колледждер, медреселер, мектеп-лицейлер, республикалык илимий диний китепканасы жана өндүрүштүк-чарбалык объектилер.

5.4. Университетте юридикалык жак статусу бар түзүмдүк бөлүмдөр же мүлк бөлүнүп берилген филиалдар түзүлүшү мүмкүн.

5.5. Университетте бир багыт же адистик боюнча студенттерди окутуу, даярдоо жана кадрларды кайра даярдоо үчүн бирин-бири кайталаган бөлүмдөрдү (институттарды, борборлорду, факультеттерди ж.б.) түзүүгө жол берилбейт.

Университеттин бардык илимий, өндүрүштүк жана башка бөлүмдөрү билим берүү ишин жүргүзүүгө милдеттүү.

5.6. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү жалпы орто билим берүү программаларын жана орто, жогорку кесиптик билим берүү, ошондой эле кошумча жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын белгиленген тартипте ишке ашыра алышат.

5.7. Жалпы орто жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган түзүмдүк бөлүмдөр билим берүү иши маселелеринде тийиштүү билим берүүчү уюмдун ыйгарым укуктарына ээ болууга тийиш.

5.8. Университет өзү түзгөн түзүмдүк бөлүмдөрдөгү окуу жана илимий процесстердин натыйжалуулугу жана сапаты үчүн жоопкерчиликтүү болушат, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндө жоболордо аныкталган тартипте башка милдеттенмелер боюнча жоопту болушат.

## VI. УНИВЕРСИТЕТТИН БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ

6.1. Университетти башкаруунун жогорку органы уюштуруучу болуп саналат.

6.2. Уюштуруучунун компетенциясы I бөлүмдүн 1.5-п. көрсөтүлгөн.

6.3. Университетти тең башкаруу формасы жалпы жыйын, камкорчулар, окумуштуулар, педагогикалык жана башка кеңештер же комитеттер болуп саналат. Тең башкаруу органдары жана алардын компетенциясын тандап алуу, кеңештер менен билим берүүчү уюмдарынын жетекчилеринин ортосундагы ыйгарым укуктарын чектөө тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана билим берүүчү уюмдардын уставы менен аныкталат.

6.4. Университетте Ректорат кеңеши, Окуу-методикалык бирикме, Илимий-техникалык кеңеш, Жаш окумуштуулар кеңеши, Редакциялык-басма кеңеши жана университеттин башка бөлүмдөрүндөгү кеңештер иштейт.

6.5. Университетти түздөн-түз башкарууну ректор ишке ашырат, аны Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасынын Азирети Муфтийи бекитет жана кызматтан алат.

6.6. Университетти башкаруу органдарынын күнөөлүү иш-аракеттери (иш-аракетсиздиги) тарабынан университетке келтирилген чыгымдар үчүн Кыргыз Республикасынын законуна ылайык тиешелүү башкаруу органдары жоопту.

6.7. Башкаруу органдарын Кыргыз Республикасынын закондоруна жана ушул уставга ылайык тийиштүү тараптар кайра чакырып алуу укугуна ээ.

Университеттин ректору:

- Университеттин бардык ишинин натыйжасы үчүн, билим берүү менен адистерди даярдоонун сапаты мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келиши жана илимий ишинин натыйжалуулугу үчүн жооп берет;

- Университеттин Окумуштуулар кеңешинин ишин жетектейт;

- Университеттин кадрдык курамын жана түзүмүн түзөт;

- ректораттын жана университеттин башка башкаруу органдарынын, Университеттин бардык бөлүмдөрүнүн ишин Окумуштуулар кеңешинин башкаруу маселелери боюнча чечимдерин эске алып жана бул максаттарга бөлүнгөн каржылоонун алкагында уюштурат.

- Университеттин илимий-билим берүү, уюштуруу ишин жетектейт;

- Университеттин финансылык булактарынын негизги бөлүштүрүүчүсү болуп саналат, Университеттин жана Университеттин курамына кирген түзүмдөрдүн өндүрүштүк-каржы ишине жетекчилик кылат;

- уюштуруучунун макулдугу менен илимий-изилдөө институттарынын директорлорун кызматка дайындайт жана кызматынан бошотот;

- проректорлорду, окумуштуулар кеңешинин катчысын, башкармалыктардын, бөлүмдөрдүн, колледждердин, медреселердин жана мектеп-лицейлеринин директорлорун кызматка дайындайт жана бошотот;

- илим-изилдөө институттарынын, колледждердин, медреселердин жана мектеп-лицейлеринин жетекчилеринин сунуштары боюнча алардын директорлорунун орун басарларын, факультеттердин декандарынын орун басарларын кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

- илим-изилдөө институттарынын, факультеттердин окумуштуулар кеңешинин жана башка кеңештердин курамын бекитет;

- өз компетенциясынын чегинде Университеттин кызматкерлери жана окутуучулары үчүн аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет;

- Университетти эл аралык билим берүү жана илимий уюмдарга жана программаларга интеграциялоо маселелери менен алектенет;

- Университеттин ишинин маанилүү проблемаларын, анын ичинде кеңейтүү жана реконструкциялоо маселелерин чечет;

- Университеттин атынан аракеттенет, бардык уюмдарда анын атынан чыгат жана мүлкү менен каражаттарын башкарат;

- Университеттин атынан келишимдерди жана макулдашууларды түзөт, ишеним каттарын берет, банктарда эсептерди ачат;

- Университетте жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө жүзөгө ашырылуучу бардык долбоорлорду контролдойт;

- проректорлордун жана башка бөлүмдөрдүн жетекчилеринин функционалдык милдеттерин аныктайт;

- Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жоболорун бекитет.

6.6. Окуу-методикалык, тарбиялык, илимий-изилдөө, басма, эл аралык, чарбалык жана экономикалык иш боюнча жетекчиликти Университеттин окуу иштери боюнча проректору жана иш багыттары боюнча проректорлору ишке ашырышат.

6.7. Университеттин факультетинин деканы жана кафедра башчысынын кызматы шайлануучу кызмат орундары болуп эсептелет.

Факультеттин деканы Университеттин ректорунун буйругу менен конкурстук негизде 5 жыл мөөнөтүнө дайындалат, ал Университеттин Окумуштуулар кеңешинде окумуштуулук даражасы жана тийиштүү профиль боюнча наамы жана квалификациясы бар адистердин ичинен жашыруун добуш берүү менен шайланат жана Университеттин ректорунун буйругу менен кызматтан алынат.

Кафедра башчысы Университеттин Окумуштуулар кеңешинин конкурсу боюнча окумуштуулук даражасы бар жана тийиштүү профиль боюнча квалификациясы бар адистердин ичинен жашыруун добуш берүү менен шайланат.

6.8. Университеттин Окумуштуулар кеңеши:

- Университеттин бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин отчетун угат;

- Университетти экономикалык жана социалдык жактан өнүктүрүүнүн олуттуу маселелерин карайт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен Университеттин Окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобого ылайык окуу-тарбия процессин жана илимий ишин уюштуруунун негизги маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат;

- профессордук-окутуучулук курамдын кызматтарын ээлөө маселелерин карайт, илимий наамдарды берүү жөнүндө өтүнүч кат берет;

- башка окуу жана илимий мекемелер менен координациялоо жана кызматташуу маселелерин талкуулайт.

6.9. Университетте Камкордук кеңеши уюштурулат, анын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары жана жогорку билими бар, билим берүү же Университетке башка тийиштүү профиль боюнча иш тажрыйбасы бар жана жазуу жүзүндө макулдугун беришкен чет элдик жарандар, ошондой эле ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүүчү уюмдардын, коомдук, бейөкмөттүк жана эл аралык уюмдардын, студенттик же ата-эне бирикмелеринин өкүлдөрү болушу мүмкүн. Мындан сырткары Университеттин камкордук кеңешинин курамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын, Аалымдар кеңешинин жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын өкүлдөрү кириши мүмкүн.

Университеттин Камкордук кеңешинин сандык жана сапаттык курамын билим берүү жана илим тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигин мамлекеттик органы тарабынан өзүнүн түзүмүнө ылайык Университеттин Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча аныкталат жана Университеттин уюштуруучусу тарабынан бекитилет.

6.10. Факультеттердин декандары, кафедра башчылары, колледждердин, медреселердин жана мектеп-лицейлеринин директорлору, илим-изилдөө институттарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери кызматтык милдеттерин бекитилген жоболордун жана уставдардын негизинде жүзөгө ашырышат.

## VII. УНИВЕРСИТЕТТИН ИЛИМИЙ ИШИ

7.1. Университет фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү милдеттүү түрдө жүргүзөт.

7.2. Мамлекеттик бюджеттин эсебинен (илимий изилдөөлөргө жана долбоордук иштерге мамлекеттик заказ) каржылануучу илимий иштерди пландаштыруу Университет тарабынан белгиленген тартипте бекитилген илимий-изилдөө программаларына ылайык ишке ашырылат.

7.3. Демилгелүү изилдөөлөрдү, келишимдер боюнча аткарылуучу илимий-изилдөө иштерин, ошондой эле башка чыгармачылык иштерди пландаштыруу Университет тарабынан Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча Университеттин жетекчиси бекиткен тематикалык пландарга ылайык ишке ашырылат.

7.4. Университетте илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун милдеттүү шарттары болуп илимий интеграция жана окуу процесстерин интеграциялоону камсыз кылуу, ошондой эле мамлекеттик аттестация менен мамлекеттик аккредитациянын жыйынтыктары боюнча алынган сертификаттарга ылайык илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо болуп эсептелет.

7.5. Университетте илимий-изилдөө ишинин негизги принциби болуп илимий проблематиканы окуу процесси жана өндүрүш менен интеграциялоо, университеттин кызматкерлерин жана студенттерин кафедралардын илимий-изилдөө жана чыгармачылык иштерине тартуу болуп саналат.

7.6. Университетте илимий-изилдөө ишмердигинин негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- республиканын диний тармагындагы теологиялык секторунда илимий-техникалык прогрессти тездетүүгө багытталган фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү өнүктүрүү;

- билим берүүгө, диний билим берүүгө жана өндүрүшкө инновацияны жайылтуу;

- билим берүүнүн, диний билим берүүнүн, илимдин жетишкендиктерин пропагандалоо.

## VIII. УНИВЕРСИТЕТТИН СТУДЕНТТЕРИ, УГУУЧУЛАРЫ, АСПИРАНТТАРЫ, ДОКТОРАНТТАРЫ ЖАНА ИЗДЕНҮҮЧҮЛӨРҮ

8.1. Белгиленген тартипте Университетке кирген жана кандай деңгээлде болсун жогорку билим алып жаткан адамдар студент статусуна ээ болот. Студентке белгиленген үлгүдөгү студенттик билет жана зачеттук китепче берилет.

8.2. Медициналык көрсөткүчтөр боюнча жана башка өзгөчө учурларда Университеттин студентине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык окуу мезгилинде куралдуу күчтөргө чакыруудан алып калуу укугу менен академиялык өргүү берилет.

8.3. Гранттык каражаттын эсебинен билим алып жаткан, окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине мамлекеттик же Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан аныкталуучу тартипте жана өлчөмдө стипендия берилиши мүмкүн.

8.4. Университеттин студенттери төмөнкүлөргө укуктуу:

- тийиштүү билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык талаптардан кем эмес илим билимге жана кесиптик ыкмаларга ээ болууга;

- мамлекеттик билим берүүнүн тандап алуу жана адистиктер боюнча курстарына кабыл алуунун мамлекеттик стандартынын алкагында Университеттин тийиштүү бөлүмдөрүнүн макулдугу боюнча окуу жайы сунуштаган адистикти тандоого;

- бюджеттик жана акы төлөө (контракт) негизинде билим алууга;

- кошумча акы төлөөнүн негизинде ошол окуу жайынын уставы тарабынан аныкталуучу тартипте сабактын кошумча түрлөрүнө катышууга;

- башка кесиптик билим берүүчү программа боюнча окуусун улантууга же башка университетке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык которулууга;

- билим берүү жана илим тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигин мамлекеттик органы тарабынан белгилеген тартипте окутуунун жекече графигин алууга жана экстерндик тартипте сынактарды берүүгө;

- бардык илим-изилдөө иштеринин түрлөрүнө, конференцияларга, симпозиумдарга катышууга, өзүнүн эмгектерин, анын ичинде Университеттин басылмаларында басып чыгарууга;

- окуу, илимий жана башка бөлүмдөрдүн окуу-лабораториялык жайларынан, имараттарынан, китепканаларынан, спорттук имараттарынан пайдаланууга;

- күндүз окуу формасындагылар куралдуу күчкө кызмат өтөө мөөнөтүн кийинкиге калтырууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аскер кесиби боюнча билим алууга;

- Университеттин администрациясынан Кыргыз Республикасынын Калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү абал жөнүндө маалымат алууга;

- өзүнүн инсандык ар намысын коргоого, өз көз карашы менен ой пикирин эркин билдирүүгө Университеттин администрациясынын чечимдери боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарына жана администрациялык органдарга даттанууга.

8.5. Студенттер билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде теориялык билимге, кесиптик ыкмаларга, билимге жана илимий изилдөөлөрдүн азыркы усулдарына ээ болууга, окуу планы менен окутуу программасы тарабынан белгиленген тапшырмалардын бардык түрлөрүн мөөнөтүндө аткарууга, Университеттин Уставын, Ички тартип эрежелерин бекем сактоого милдеттүү.

8.6. Студенттер үчүн окуудагы, илимий-изилдөө жана башка иштердеги жетишкен ийгиликтери үчүн материалдык жана башка сыйлыктардын ар түрдүү формалары (алардын ичинде атайын аталган ысымдагы стипендиялар да) Уставга ылайык Университет ээ болгон каражаттардын чегинде белгиленет.

Окуу пландарын аткарбагандыгы жана Университеттин Уставы тарабынан белгиленген милдеттерди бузгандыгы үчүн студенттерге тарбиялык таасирдүү чаралар, анын ичинде Университеттен чыгарууга чейинки чара колдонулушу мүмкүн.

Ал жазалар, алардын ичинде, ички тартипти бузгандыгы үчүн Университеттен чыгаруу студенттерден жазуу түрүндө түшүнүк алынгандан кийин колдонулушу мүмкүн.

8.7. Өндүрүштөн бошоп окуган Университеттин бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу Кыргыз Республикасынын эмгек жана калкты ишке орноштуруу мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

8.8. ЖОЖго чейинки даярдоо, квалификацияны жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо түзүмдүк бөлүмдөрүндө окуп жаткандар университеттин угуучулары болуп эсептелет.

Үгүүчүлардын укуктук абалы, ошондой эле аларды окутууну уюштуруу Университеттин жетекчиси бекиткен тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндөгү жоболор менен аныкталат.

8.9. Аспиранттардын, докторанттардын жана изденүүчүлөрдүн укуктук абалы, ошондой эле аларды окутууну уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасында ЖОЖдон кийинки билим берүү жөнүндөгү жобо менен аныкталат.

## IX. УНИВЕРСИТЕТТИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

9.1. Университетте илимий-педагогикалык курамдын (профессордук-окутуучу курам, илимий кызматкерлер) кызмат оргундары, администрациялык-башкаруу жана чарбалык, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөө жана башка кызмат орундар каралат.

9.2. Илимий-педагогикалык курамдын кызмат орундарын ээлөө келишим жана конкурстук негизде жүргүзүлөт. Эмгек келишимин түзүүнүн (5 жылдык мөөнөткө) алдында конкурстук тандоо жүргүзүлөт. Конкурстарды жүргүзүү жана келишимдерди түзүү тартиби Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарына ылайык аныкталат.

Университеттин окутуучулары менен башка кызматкерлерин кабыл алуу жана бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына же келишимде каралган шарттарга ылайык жүргүзүлөт.

9.3. Администрациялык-башкаруу жана чарбалык кызмат орундары (декандардан башка), инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөө жана башка кызматкерлер мөөнөттүү эмгек келишиминин негизинде кабыл алынат.

Аларды жумуштан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына же келишимде (контрактта) каралган шарттарга ылайык жүргүзүлөт.

9.4. Илимий-педагогикалык курам төмөндөгүлөргө укуктуу:

- окутулуучу окуу сабактарынын мазмунун мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык аныктоого;

- окутуунун каражаттарын жана методдорун эркин тандоого жана окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуучу илимий изилдөөлөр жүргүзүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү эмгектик өргүүгө чыгууга;

- өзүнүн кесиптик иш-аракетин тийиштүү уюштуруучулук жана материалдык техникалык камсыздоого;

- белгиленген тартипте Университеттин Окумуштуулар кеңешине шайланууга жана шайлоого катышууга;

- Университеттин окуу, илимий жана башка ар түрдүү маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

- Университеттин Уставы тарабынан белгиленген тартипте имараттын, маалымат фондунун, лабораториялардын, кабинеттердин, китепканалардын, компьютердик класстарын, окуу жана илимий мекемелердин социалдык-тиричилик, маданият ж.б. бөлүмдөрүнүн тейлөө кызматтарынан пайдаланууга.

9.5. Университеттин илимий-педагогикалык курамы төмөнкүлөргө милдеттүү:

- окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун жана студенттер тарабынан билим берүү программаларын мамлекеттик стандарттардын талаптарынын деңгээлинде өздөштүрүүлөрүн камсыз кылууга;

- студенттердин өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жогорку адеп-ахлактык ченемдерге көндүрүүгө, учурдагы цивилизация менен демократия шарттарында кесиптик сапаттарды, жарандык бекем позицияны, жашоого жана эмгекке болгон жөндөмдүүлүктү калыптандырууга;

- өзүнүн билим деңгээли базалык, толук жогорку болууга тийиш. Ошондой эле квалификациясын такай жогорулатууга, илимий даража жана наамдарды алууга умтулууга, Уставдын ченемдерин аткарууга студенттерди активдүү тартуу менен илимий изилдөөлөрдү, башка чыгармачылык иштерди жүргүзүүгө.

9.6. Университеттин административдик-башкаруу чарбалык, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөө жана башка кызматкерлеринин укуктары менен милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ички тартип эрежелери, кызмат инструкциялары менен аныкталат.

9.7. Университетте илимий-педагогикалык жана илимий адистерди даярдоо төмөнкү формаларда жүзөгө ашырылат:

- докторантура (аспирантура);

- илимдин доктору окумуштуулук даражасын алууга диссертацияларды даярдоо үчүн илимий кызматкерлерди кызмат ордуна которуу;

- илимдин кандидаты жана доктору деген окумуштуулук даражаны алууга диссертацияларды даярдоо жана жактоо үчүн изденүүчүлөрдү Университетке бекитүү;

- диссертация ишин бүтүрүү үчүн чыгармачылык өргүү берүү. Илимий-педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу белгиленген тартип боюнча Университеттин атайын бөлүмдөрүндө, ошондой эле кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана аларды кайра даярдоочу окуу жайларында ишке ашырылат.

Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, Кыргыз Республикасында ЖОЖдон кийинки билим берүү жөнүндө жобо менен белгиленет.

9.8. Университеттин окутуучулары жана илимий изилдөө институттарынын жетектөөчү окумуштуулары негизги кызматы менен бирге бир эле учурда кызматтарды айкалыштыруу шарттарында декандын (анын орун басарынын), кафедра башчысынын, бөлүм башчысынын, доктарантура (аспирантура), практика жана методика башчыларынын милдеттерин кошумча аткара алышат.

9.9. Административдик-башкаруучу курам кызматтарды айкалыштыруу шартында педагогикалык иштерди да аткара алышат. Бул жумуштарды аткаруунун шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана билим берүү менен илимди башкаруу тармагында мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү аткаруу бийлигинин мамлекеттик органынын нормативдик актылары менен жөнгө салынат.

## X. УНИВЕРСИТЕТТИН ФИНАНСЫЛЫК ЖАНА ЧАРБАЛЫК ИШИ

10.1. Университеттин каржылоо булактары болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- билим берүүдөн, консультациялардан, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка мыйзам тыюу салбаган иш-аракеттерден түшкөн өз каражаттары, анын ичинде валюталык каражаттар;

- мамлекеттик жана коммерциялык банктардын ислам принцибиндеги кредиттери;

- ишканалар, уюмдар, коомдук фонддор, жеке адамдар (анын ичинде чет өлкөлүктөр да) тарабынан акысыз берилген каражаттар;

- өзү өндүргөн продукциялар менен студенттерди контракттык негизде окутуудан түшкөн каражаттар;

- кадрларды даярдоо боюнча юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдер боюнча алынган каражаттар;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

10.2. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен кызматтык маяналарга кошумча үстөктөрдү жана башка сыйлык төлөмдөрүн белгилөөгө укуктуу.

## XI. ЭСЕП ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

11.1. Университет негизги жана жүгүртүлүүчү каражаттардын, Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишинин финансылык жыйынтыктарынын күндөлүк жана бириктирилген бухгалтердик эсебин жүргүзөт. Бекитилген формада финансылык, статистикалык органдарга жана башка башкаруу органдарына бириктирилген бухгалтердик жана статистикалык отчетторду берет. Университет мамлекеттик (финансылык жана статистикалык) органдар тарабынан белгиленген отчеттуулуктун ченемдеринде каралбаган экономикалык мүнөздөгү маалыматтарды иштеп чыкпайт жана бербейт.

11.2. Түзүмдүк бөлүмдөр Университетке мамлекеттик финансылык жана статистикалык отчеттуулуктун белгиленген формалары боюнча отчет беришет жана белгиленген мөөнөттөрдө жыйынтыктуу бухгалтердик жана статистикалык отчетторду түзүү, финансылык натыйжаларды талдоо жана келечекте башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн Университетке отчет берет.

11.3. Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жыйнактуу бухгалтердик балансы жана финансылык жыйынтыктар отчету ректор тарабынан бекитилет жана мамлекеттик башкаруу органдарына берилет.

11.4. Университеттин менчигин уурдоону жашыруу максатында отчетту бурмалоого жол берген Университеттеги бухгалтердик отчеттун тактыгы үчүн жооп берген адамдар жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартылышат.

## XII. ЭЛ АРАЛЫК ИШТЕР

12.1. Университет жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүү жаатындагы эл аралык кызматташтыкка катышууга, чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер, ишканалар жана уюмдар менен түздөн-түз байланыш түзүүгө мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү, илимий жана илимий-изилдөө программаларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына белгиленген тартипте ишке ашырууга укуктуу. Ушул максаттарда Университет:

- эл аралык коомдук (бейөкмөт) билим берүүчү бирикмелерге жана уюмдарга кирет;

- чет өлкөлүк өнөктөштөр менен бирдикте иштөө жөнүндө келишимдерди түзө алат.

12.2. Университетте чет өлкөлүк жарандарды даярдоо, кайра даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарын даярдоо, тийиштүү мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген башка өлкөлөрдө жана квотадан тышкары кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, илимий-педагогикалык кадрлардын иштөөсү Университет чет өлкөлүк жарандар жана чет өлкөлүк юридикалык жактар менен түзгөн тикелей келишимдер боюнча ишке ашырылат.

12.3. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жана ушул Уставда каралган негизги милдеттерин аткарууга багытталган тышкы экономикалык иш-аракеттерди жүргүзүүгө укуктуу.

12.4. Университеттин эл аралык ишинин бардык түрлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген макулдашуулардын негизинде ишке ашырылат (эгер тиешелүү мамлекет менен Кыргыз Республикасы түзгөн эл аралык келишимдерде башкача каралбаса).

## XIII. УНИВЕРСИТЕТТИ ӨЗГӨРТҮП УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ

13.1. Университетти өзгөртүп уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

13.2. Университет өзгөртүп уюштурулганда, анын түзүмү өзгөртүлгөндө жана ошондой эле статусу өзгөргөндө Университеттин Уставына тиешелүү өзгөртүүлөр (толуктоолор) киргизилет. Уставга өзгөртүүлөр (толуктоолор) киргизүү Университеттин жалпы чогулушунда уюштуруучунун макулдашуусу менен каралат.

13.3. Университет жабылган учурда анын бардык мүлктөрү жана каражаттары, анын материалдык жана финансылык милдеттери Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына өтөт.

**Ректор** **М. Ибраев**

## КМДБ (муфтият) жана КИУнун жамаат жыйыны

## №12 - протокол

Бишкек шаары 16-февраль 2017-жыл.

**Катышкандар:**

1. Токтомушев Максатбек – Азирети Муфтий, жыйындын төрагасы.
2. Шергазыев Жоробай – Азирети муфтийдин орун басары.
3. Эргешов Акимжан – Азирети муфтийдин орун басары.
4. Ибраев Марс – КИУнун ректору.
5. Эратов Равшан – фатва бөлүмүнүн башчысы.
6. Ракиев Замир – окуу бөлүмүнүн башчысы.
7. Исманов Нурбек – катчылык бөлүмүнүн адиси. (юрист)
8. Матраимов Абдиваси – КИУ окуу иштери боюнча проректору.
9. Ниязов Бакыт – КИУ тышкы алакалар жана социалдык иштер боюнча проректору
10. Койчукулов Абдугапар – КМДБнын уюштуруу иштери, катчылык жана кадр бөлүмүнүн башчысы.

**Күн тартиби:**

1. Кыргызстан Ислам университетинин уставын өзгөртүү жана толуктоо менен кайра бекитүү.
2. Кыргызстан Ислам университетин уставына өзгөртүү жана толуктоолор киргендигине байланыштуу тиешелүү мамлекеттик органдардан (анын ичинде юстиция органдары) кайра каттоодон өткөрүү.

**Жыйындын төрагасы, Азирети Муфтий:** Бисмилла. Хамду санаа. Салават. Урматтуу жамаат, атайын түзүлгөн жумушчу топ Кыргызстан Ислам университетинин уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизип, иштеп чыгышты. Ошол боюнча маалымат берүү үчүн сөз Кыргызстан ислам университетинин окуу иштери боюнча проректору Матраимов Абдивасиге берилет.

**Матраимов Абдиваси**: Сиздерге белгилүү болгондой өткөн 2016-жылдын декабрь айында Кыргызстан Ислам университетинин уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизип, иштеп чыгуу боюнча ректорат тарабынан атайын жумушчу топ түзүлүп, алгачкы этап боюнча университеттин уставын иштеп чыгышкан. Андан кийин Азирети Муфтий тарабынан жумушчу топтун курамы кеңейтилип, КМДБнын окуу бөлүмүнүн башчысы Ракиев Замир жана КМДБнын юристи Исманов Нурбек мырзалар мүчө болуп кирген. Ошентип аты аталган муфтияттын адистеринин катышуусу менен уставды бир нече отурумдарда талкууладык. Андан сырткары Азирети муфтийдин кошумча тапшырмасы менен

уставды Эргешов Акимжан, Эратов Равшан жана Койчукулов Абдугапар мырзалар да текшерип чыгышты.

**Жамаат:** Талкуулашып, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты:

**ЧЕЧИМ:**

1. Кыргызстан Ислам университетинин өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген уставы бекитилсин.
2. Кыргызстан Ислам университетин уставына өзгөртүү жана толуктоолор киргендигине байланыштуу тиешелүү мамлекеттик органдардан (анын ичинде юстиция органдары) кайра каттоодон өткөрүлсүн.
3. Кыргызстан Ислам университетин уставына өзгөртүү жана толуктоолор киргендигине байланыштуу тиешелүү мамлекеттик органдардан (анын ичинде юстиция органдары) кайра каттоодон өткөрүү милдети Кыргызстан ислам университетинин окуу иштери боюнча проректору Матраимов Абдиваси Нусуровичге жүктөлсүн.
4. Мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экендиги жана мыйзамда белгиленген учурларда, юридикалык жакты кайра каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

**Жыйындын төрагасы,**
**Азирети Муфтий** **Токтомушев Максатбек ажы**

**Жыйындын Катчысы** **Койчукулов Абдугапар**

1. Шергазыев Жоробай ____________
2. Эргешов Акимжан ____________
3. Ибраев Марс ____________
4. Эратов Равшан ____________
5. Ракиев Замир ____________
6. Исманов Нурбек ____________
7. Матраимов Абдиваси ____________
8. Ниязов Бакыт ____________

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылган

баардыгы ______________ барак

20____ж. "____" ______________ өткөрүлдү

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью

на -15- листах

"04" 05 2017 г.

Прошито и пронумеровано
На 15 листах